# ТОВАРЛАРДЫ КАЙТАРУУ/АЛМАШТЫРУУ ШАРТТАРЫ

## 1. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

Ушул товарды кайтаруу/алмаштыруу шарттарында (мындан ары – «Шарттар»), эгерде контекстте башкача каралбаса, төмөндө келтирилген терминдер төмөнкүдөй мааниге ээ жана алардын ажырагыс бөлүгү болуп саналат:

**Сатып алуучу** – Сатуучунун сатуу жана тейлөө кеңселеринин биринде Товарды сатып алган жеке жак.

**Сатуучу -** «Скай Мобайл» ЖЧК.

**Сайт** – https://beeline.kg/ru/phones

**Товар** – Сатуучу расмий авторизацияланган дистрибьютор катары саткан жана тиешелүү маалымат Сайтка жайгаштырылган «Apple» компаниясынын продукциясы.

## 2. ТОВАРЛАРДЫ КАЙТАРУУ/АЛМАШУУ

2.1. Товарды кайтаруу/алмаштыруу төмөнкү учурларда жана шарттарда жүргүзүлөт.

2.2. Тийиштүү сапаттагы Товарды кайтаруу/алмаштыртыруу.

2.2.1. Татаал техниканын бирдиги болуп саналган Товар (анын ичинде смартфон, айфон) олуттуу кемчиликтер болбогон учурда кайтарылбайт жана/же алмаштырылбайт. Эгерде Товар татаал техникага кирбесе (мисалы, аксессуарлар же ж.б.), Сатып алуучу мындай Товарды сатып алган учурдан тартып 14 (он төрт) календардык күндүн ичинде кайтарып берүүгө же алмаштырууга укуктуу.

2.2.2. Тиешелүү сапаттагы Товарды кайтарып берүү, ал пайдаланылбаган (эксплуатация болбогон) Товарды кайра таңгактоого мүмкүндүк берүүчү талаптагыдай абалда таңгагы сакталган, Товардын товардык көрүнүшү, керектөө касиеттери, пломбалары, белгилери сакталган, ошондой эле Сатуучудан көрсөтүлгөн товарды сатып алуу фактысын жана шарттарын ырастаган документтер (товарды берүүгө коштомо кагаз, фискалдык чек жана кепилдик дүмүрчөк) болгон шартта гана мүмкүн болот. Товарды кайтарып берүү учурунда пайдаланбоо фактысы Сатып алуучу өз алдынча алган авторлоштурулган сервистик борбордун жазуу жүзүндөгү корутундусу менен ырасталууга тийиш.

2.3. Сапаты начар товарды кайтаруу.

2.3.1. Талаптагыдай эмес сапаттагы Товар деп - жарыяланган касиеттерге туура келбеген, мүнөздөмөлөргө, колдонуудагы ченемдерге жана стандарттарга ылайык келбеген, андагы кемчиликтерден/ылайык келбестиктерден улам Сатып алуучу өз максаты боюнча толук өлчөмдө пайдалана албаган Товар түшүнүлөт. Дизайнынын же жасалгасынын элеменеттеринин Сайтта же башка ресурста жарыяланган сүрөттөөдөн айырмасы сапаттын жетишсиздигинин белгиси болуп саналбайт. Товардын талаптагыдай эмес сапаты Сатып алуучу тарабынан авторизацияланган сервистик борбордун тиешелүү корутундусу менен ырасталууга тийиш.

2.3.2. Товардын сырткы көрүнүшү жана толуктугу Сатып алуучу тарабынан Сатуучу Сатып алуучуга Товарды өткөрүп берүү учурунда текшерилиши керек.

2.3.3. Эгерде Товарды кабыл алгандан кийин анын кемчилиги аныкталса, Сатып алуучу Товардын бузуктугу (кемчилиги) жөнүндө корутунду алуу жана кемчиликти жоюу үчүн кепилдик дүмүрчөктө көрсөтүлгөн авторизацияланган тейлөө борборуна кайрылууга милдеттүү. Товарды авторизацияланган тейлөө борборуна жеткирүү, ошондой эле аторизацияланган тейлөө борборунан Товарды кайтарып алуу Сатып алуучунун эсебинен жүзөгө ашырылат.

2.3.4. Товарды өндүрүүчүнүн күнөөсү боюнча келип чыккан кемчиликтерди четтетүү мүмкүн эмес болуп калса же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралгандан узак убакытты талап кылса, талапка жооп бербеген сапаттагы Товарды кайтарып берүү жүргүзүлөт. Бул учурда кайтарып берүү Товарды өндүрүүчүнүн күнөөсү боюнча аныкталган дефекттер/бузуктар жөнүндө авторизацияланган сервистик борбордун корутундусу, ошондой эле көрсөтүлгөн Товарды Сатуучудан сатып алуу фактысын жана шарттарын ырастаган документтер (товарды берүүгө коштомо кагаз, фискалдык чек жана кепилдик дүмүрчөк) болгондо жүргүзүлөт.

2.4. Ушул Шарттарда каралбаган башка бардык учурларда Товарды кайтарып берүү/алмашуу КР колдонуудагы мыйзамдарынын жоболоруна ылайык ишке ашырылат.

2.5. Ушул Шарттардын 2.3.4-пунктуна ылайык Сатуучуга Товарды кайтарып берүүдө Сатып алуучуга товардын наркы кайтарылып берилет. Сатып алуучунун Товарды Сатуучуга кайтаруу боюнча чыгымдары кайтарылбайт.